БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

**"Ош мамлекеттик университети" мекемеси**
**Өзгөн эл аралык медициналык колледжи**

**060113 "Физикалык терапия" орто кесиптик билим берүү программасын аккредитациялоо боюнча эксперттик комиссиянын отчету**

**Төрайым:** Колу — Юлдашева Санабар Эргешовна
Ош регионалдык медициналык колледжинин директору.

**Комиссия мүчөсү:** Колу — Абжалова Суйундук Макамбайевна
Араван "Дулдул-Тоо" колледжинин окуу иштери боюнча директордун орун басары.

**Референт:** Колу — Чолпонбаева Назгул Шалтаковна
ББПУАА, кесиптик билим берүү боюнча менеджер.

**29.04.2025 ж. - 30.04.2025 ж.**

## БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ББПУАА)

**Ош мамлекеттик университетинин (Өзгөн эл аралык медициналык колледжи) 060113 "Физикалык терапия" орто кесиптик билим берүү программасын тышкы баалоо боюнча алдын ала жыйынтыктары:**

### 1 – Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Кучтуу жактары:**

1. Студенттердин муктаждыктарын аныктоо менен акысыз кошумча ийримдердин уюштурулушу (медайымдын негизги иш аракеттери, тил курстары ж.б.)
2. 060113 "Физикалык терапия" адистигинин кесиптик стандартын иштеп чыгууда иш берүүчүлөрдүн окуу жай менен тыгыз кызматташуусу.

**Алсыз жактары:**

1. «Физикалык терапия» программасы боюнча негизги кесиптик билим берүү программасы толуктоону талап кылат. Кызыкдар тараптардын суроо талаптарын эске алуу менен тузүлгөн максаттары так аныкталган эмес.
2. Окуу процессин жакшыртуу, студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо үчүн мониторинг жүргүзүү процессинин натыйжалары толук системалаштырылган эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 01.09.2025-жылга чейин негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары так аныкталып, толукталып иштелип чыксын.
2. Жыл сайын окуу процессин жакшыртуу, студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо үчүн комплекстүү мониторинг жүргүзүлсүн жана жыйынтыктары ишке киргизилсин.

**1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

### 2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.

**2 – Стандарт аткарылып жатат**

## 3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо

**Кучтуу жактары:**

1. Практика боюнча устат-шакирт программасы иштелип чыккан жана ишке киргизилген.
2. Чет тили сабагын өткөрүү үчүн атайын заманбап лингафондук кабинети уюштурулган.

**3 - Стандарт аткарылып жатат.**

## 4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал

**Күчтүү жактары:**

1. Окутуучуларды мотивациялоо, ишмердүүлүгүн бекемдөө үчүн университет жана колледждин профсоюздук бюро тарабынан жагымдуу жагдайлар түзүлгөн.

**Алсыз жактары:**

1. Физикалык терапия программасы боюнча методикалык окуу куралдарын, көрсөтмөлөрүн иштеп чыгуу боюнча пландаштырылган иш чаралар толук кандуу жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 01.09.2025-ж. чейин кесиптик дисциплиналар боюнча окуу-методикалык куралдарын расмий жана мамлекеттик тилде басып чыгаруу планы иштелип чыксын жана ишке киргизилсин.

**4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар

**Кучтуу жактары:**

1. Талапка ылайык окуу жайдын клиникалык базасынын болушу.

**Алсыз жактары:**

1. Колледжде физикалык терапия адистиги боюнча окуу кабинеттери жана окуу-машыгуу борбору заманбап жабдуулар менен толук камсыз болгон эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-ж. 01.01. чейин колледжде физикалык терапия адистиги боюнча окуу кабинеттери жана окуу-машыгуу борбору заманбап жабдуулар менен толуктaлсын.

**5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
2- Стандарт аткарылып жатат
3- Стандарт аткарылып жатат
4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**Аккредитациялык чечимдин долбоору**

**“Ош мамлекеттик университети” мекемесинин (Өзгөн эл аралык медициналык колледжи)**
**060113 “Физикалык терапия” орто кесиптик программасын**
**5 жылга аккредитациялоону сунуштайт**

**30.04.2025-ж.**